Кырг.
И
Б-54



# АРХИТЕКТОР ИГГИ ПЕК

автору: Андреа Бети сүрөтчүсү: Дэвид Робертс



# АРХИТЕКТОР



# ИГГИ ПЕК

б/ф 177

им. К. Б[illegible]

АМЕРИКА БОРБОРУ

УДК 821.111(73)-93
ББК 84.7
Б 54

Бети А.
Б 54 Архитектор Игги Пек / Которгон Н.Карыбекова, Ж.Турсунбаев. – Б.: «Логос», 2017. – 32 б.
ISBN 978-9967-28-406-7

Б 4804040100-17 УДК 821.111
ISBN 978-9967-28-406-7 ББК 84.7

Text Copyright © 2007 Andrea Beaty
Illustration Copyright © 2007 David Roberts
First published in the English language in 2007 by Abrams Books for Young Readers, an imprint of Harry N. Abrams, Incorporated, New York.
ORIGINAL ENGLISH TITLE: IGGY PECK, ARCHITECT
(All rights reserved in all countries by Harry N. Abrams, Inc.)
Кыргызча басылмасы ©2017 «Логос» басмасы.

Басылма Америка Кошмо Штаттарынын элчилиги тарабынан каржыланган. Акысыз таратылат.

ЖЧК «Логос» басмасы. Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Байтик Баатыр көч. 3/2
Форматы 227x278. Көлөмү 8,0 б. т., офсет кагазы, офсеттик басуу. Нускасы 3000 даана

«V.R.S. Company» ЖЧК басмаканасында басылды. Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Кулатов көч. 8/1, e-mail: vrs-co@mail.ru




ЧЫГАРМАЧЫЛЫККА ШЫКТАНДЫРГАН ЭНДРЮГА АРНАЛАТ - А.Б.

КРИСТОФЕРГЕ АРНАЛАТ - Д.Р.

# Архитектор Игги Пек







Автору: Андреа Бети
Сүрөтчүсү: Дэвид Робертс



«ЛОГОС» басмасы

АТЫ ИГГИ ПЕК АРАҢ ЭЛЕ ЭКИ ЖАШТАГЫ,
Архитекторлук өнөрү чыга баштады.
Бириктирип өз жалаяктарын желим менен,
Бир саатта мунара куруп таштады.



Байкап калган апасы, таң калып, мындайды:
«Балам менин чыныгы гений турбайбы!»
Жалаяктардын ным экенин көрөр замат,
Жүзүндөгү жылмаюну басты муң - кайгы...

Шаабайы сууп, сөз айтат деми соолуп:
«Иггитай, уулум! Бул эмне деген жорук?
Жалаяктын баары ным, бүт булганыч,
Жыттанат чиркин киши чыдагыстай болуп... »







Бирок Игги эбак ойлонуп чоң акылды,
Башка жаңы долбоорун ишке ашырды.
Көк шибер үстүнө чопо менен баткактан,
Көлөмдүү Сфинкс айкелин жасап катырды.





Андан да ашып үчкө чыкканда атагы,
Ата-энеси Иггини эмгекчил деп атады.
Алма менен шабдалыдан чиркөө тургузса,
Ал эми пластилинден храмдарды жасады.





Бир күнү үй-бүлө тамак жеп жатканда кечки,
Бала Сент-Луис аркасын жасоону чечти.
Куймактан тизип, өрүктөн пирог койгондо,
Көргөн атасынын төбөсү көккө жетти.






ROMANESQUE
GOTHIC
GOTHIC
Modern
EMPIRE

Уста Игги жашы жетип мектепке келди,
Устаты Лила Грир айым экенин көрдү.
«Сабакта бир нерсе куруу ойго келбесин!» - деп,
Сентябрь башында эле эжей эскертүү берди.

«Окугула, жазгыла, кепти тыңдагыла,
Ойноп болсо да мунара курбагыла!
Азырынча жашсыңар, андай нерселерге,
Архитектура тууралуу сөз кылбагыла!»





Калтырап жини бойго бүт тарагандан,
Лила айымдын жараты бул - чала калган.
Мынчалык катуулугунун бир себеби,
Коркчу эле көктөн жерди карагандан.

Жетимиш кабат үйдүн элүүнчү турагында,
Жети жашар кез, эч тынбаган курагында.
Архитекторлор уюштурган сейилдөөдө,
Адашып тайпадан калып калган убагында.





53 54 55 56 57
48 49 50 51 52
43 44 45 46 47
38 39 40 41 42
33 34 35 36 37
26 27 28 29 30 31 32
17 18 19 20 21 22 23 24 25
8 9 10 11 12 13 14 15 16
B G 1 2 3 4 5 6 7

Эстеди француз цирк тобуна кошулганын,
Эстеди азап эки күнгө созулганын.
Кадимки мусаапыр болуп табылганча,
Караңгыда лифтке камалып олтурганын.

Ошол күнкү окуя ичте калып келет,
Бийиктикти эң начар кабыл алып келет.
Сабакта бул теманы такыр козгобостон,
Козгогондорго да тыюусун салып келет.



АМЕРИКА БОРБОРУ

Эжейдин ачуусу ага таасир бергени жок,
Эмне айтса укпай, каршы чыгып көнгөнү жок.
Классынын арт жагына тынч олтуруп алып,
Бор менен кынап сепил курду колдору шок.



«Эй, Игги Пек, токтот, сабырымды түгөтпө!
Сепилиңди бузуп айландырам күкүмгө!»
Ачууланып, айтканды кыл деп урушту:
«Алып барам азыр сени Хови мүдүргө!»





Ошондо Игги туйду теңсиздик сезимди,
Орой мамиле көрүп каалоосу кесилди.
Мерез дүйнө ага кызыксыздай болуп,
Мектептен да бир аз тажагандай сезилди.



Окуу, жазуу, математика – турду кыйынга,
Он эки күн татыгандай болду кылымга.



«Көк Өзөндү бойлоп сейилге чыгабыз,» - деп,
Грир айым жарыялады класстык жыйында.



Көк Өзөндүн этеги эски аралча бар эле,
Көпүрөсү бир таман, асма жана тар эле.
Үстү менен дайрадан өтүп бара жатканда,
Үбөлөнүп тактасы сууга түштү шар эле.



«Кудай сакта! Өлдүкпү? Кечиргиле, балдарым!»
Коркконунан кыйкырды: «Кош болгула, жандарым!
Кайдан дагы буларды апкелдим,»-деп Грир айым,
Кулап калды аралга карабастан жан жагын.



Балдар үнсүз турса, жалгыз гана Игги Пек,
Башындагы планды аткарууга киришет.
Бут кийимин эжейдин чечип ишин баштаса,
Баары бирдей жардам кылып башын ийишет.





Лила айым көзүн ачып караса, шашылып,
Чубалгы аркан менен көпүрө асылып.



Чын эле аркы өйүздө жүзүнөн нур таамп,
Он жети бала турду жылмайып, ашыгып.



Бакан, чыбык, дарактын тамырын баш кылып,
Бекемдеп аралдан аралга түз жаткырып.
Бузулбас кооз өтмөктү биригип жасашкан,
Батинке боолорунан жип кылып тактырып.

Жаңы асма көпүрөдөн өткөн мугалим,
Ойлонду: «Башынан баштасак деп турамын!
Экинчи класстагы балага тыюу салып,
Кыялына жолтоо болуп эмне кыламын?»





Бийиктиги 227,4 метр
узундугу 1280 метр

Ошол күндөн тарта эжей берип уруксат,
Опол тоодой курулуштарга көңүл бурушат.
Дүйнөдө эң бийик имараттар тууралуу,
Ар апта сайын зор жаңылыктарды угушат.

Рим, Венеция, Квебекке чейин жетебиз.
Буларды баяндоочу лектор ким десеңиз?
Футболка, кроссовкичен тыпылдап сабак берген.
Игги Пек агай экенин эскерте кетебиз!



АТЫ ИГГИ ПЭК АРАҢ ЭЛЕ ЭКИ ЖАШТАГЫ,
Архитекторлук өнөрү чыга баштады,
Бириктирип өз жалаяктарын желим менен,
Бир саатта мунара куруп таштады.





АКШ ЭЛЧИЛИГИНИН КИТЕП КОТОРУУ
ПРОГРАММАСЫНЫН КОЛДООСУ
МЕНЕН ЧЫГАРЫЛГАН